Айдыны арткан – “Алтынкен”

# «Алтынкен» компаниясынын күзгү спорт оюндары – 2025











**Жыпара ЖЭЭНАЛИЕВА,**
**“Кыргыз Туусу”**

**Үстүбүздөгү жылдын 26-августунан 11-сентябрына чейин «Алтынкен» спорт комплексинде «Энергетикалык күз, биргелешкен аракет» деген ураандын алдында спорттун алты түрү боюнча мелдештер өттү.**

Салтанаттуу ачылышта турнирге катышуу максатында келген компаниянын 450дөн ашык кызматкерлери спорт аянтчасында өз бөлүмдөрүнүн намысын коргошту.

Ал эми, 2025-жылдын 16-сентябрында компаниянын жетекчилигинин катышуусунда күзгү спорт оюндарынын жабылыш аземи болуп өттү.

Башкармалыктын төрагасы Чжан Яомин компаниянын спорт залында жеңүүчүлөргө куттуктоо сөзүн сүйлөдү.

Ал өз сөзүндө компаниянын атынан бардык турнирдин катышуучуларын спорттук иш-чараны мыкты уюштургандыгы үчүн куттуктады.

Ошондой эле ал өзүнүн ак ниет коллективине чын жүрөктөн алкыш айтып: “Урматтуу “Алтынкен” компаниясынын жамааты – бул күзгү оюндардын жабылышы спорттун аягы эмес, жаңы спорттун башталышы жана командanyн алдыга койгон эмгек максаттары экенин баса белгилеп кетким келет” – деди төрага Чжан Яомин.

Андан соң, Башкармалыктын төрагасынын орун басары Марат Токтобаев турнирдин катышуучуларын куттуктап, сыйлыктарды тапшыруу аземи башталганын билдирди.

Ар бир спорттун жеңүүчүлөрү кезектешип ардактуу орундарга ээ болуп, компания жетекчилери кубок, грамота жана акчалай сыйлыктарды тапшырышты.

Сыйлоо аземинен кийин иш-чаранын катышуучулары компаниянын кызматкерлеринин жашоосундагы унутулгус учурларды эстеликке калтыруу максатында чогуу сүрөткө түшүүгө чакырылды.

Күзгү мелдеш жакшы маанайда аяктады. Турнирдин жыйынтыгына шыктанган ынтымактуу «Алтынкен» командасы жумуш күнүн жана спорттук мелдештерде жаңы ийгиликтерди күтөт.









